


**К.А.Кошалиев**
“Ааламдык Ак Бата” руханий форумун
Уюштуруу комитетинин жана “Кыргыз жолу”
коомунун төрагасы
Кыргызстан, Бишкек шаары
kadyr-bata@mail.ru
**Кошалиев К.А.**
Председатель оргкомитета Всемирного
духовного форума «Ааламдык ак бата»
Кыргызстан, г. Бишкек
**Kadyr Koshaliev**
Chairman of the organizing committee of the World
Spiritual Forum "Aalamdyk ak bata"
Kyrgyzstan, Bishkek

## ААЛАМДЫК АК БАТА КАБЫЛ БОЛСУН!

## ДА СВЕРШИТСЯ БЛАГОСЛОВЕНИЕ ВСЕЛЕННОЙ!

## LET THE UNIVERSE BLESSING BE DONE!

Учурда жалпы адамзат анын ичинде Кыргызстандын эли зор өзгөрүүлөрдү күтүүдө. Дүйнөлүк державалардын ортосундагы саясий тиреш, кан төгүлгөн согуш, экономикалык санкциялар, идеологиялык-маалыматтык чабуулдар күчөп, ага кошул-ташыл оору-сыркоо, жаратылыш кырсыктары, экологиялык алааматтар  айланы кетирүүдө. Адамзат бүгүн туура эмес жолго түшүп, туташ кризиске кептелди. Адамдагы текеберчиликтен, өзүмчүлдүктөн, керектөөчүл- жыйнагыч кулк мүнөздөн арылуу зарыл. Экологиялык алаамат, ядролук согуш, диндий экстремизм,  демографиялык жарылуу, климаттын өзгөрүшү-биздин пейилибиздин чагылышы.

Кыргызда “баары пейилге жараша болот”-деген сөз бар. Адам баласы пейилин оңдоп, жан дүйнөсун аруулап, жакшы тилек-максаттарды алдына коюп, тазаланууга, биригүүгө багыт алганда гана өнүгүүнүн туура жолуна чыга алабыз. Анын  башаты-АК БАТА!

Бата бул – жөн жай эле сөз эмес, кара күчтү майтарган, бузулганды түздөгөн, үзүлгөндү улаган, тайыганда тирөөч, карайлаганда карманар мамы, бириндегенде бириктирген уютку, тескери кеткен ишти оңго оодарган, айласыз баратканда агына жалгаган зор энергетикалык касиеттүү күч! Окмуштуулардын айтуусу боюнча сөз тургай, ойдун да зор күчү бар. Ал эми БАТА жөнөкөй эле сөз эмес, позитивдүү ойлордун тизмегинен турган, зор энергетикалык күчкө эгедер, касиеттүү руханий жөрөлгө, салттуу улуттук философия!

Биз жашаган жер шаарынын жана адамзаттын тагдыры өтө кооптуу кырдаалда тургандыгына байланыштуу асман тиреген касиеттүү Ала-Тоо койнунда өмүр кечирген, тарыхы тереңге кеткен, айкөл кыргыз эли жалпы дүйнө элин кепке келүүгө, тазаланууга, арууланууга, ынтымакка чакырган ААЛАМДЫК АК БАТА руханий жөрөлгөсүн ийгиликтүү өткөрдү.    Жыйырмадан ашык мекеме-уюмдар демилгелеген  бул руханий иш-чара КРнын

Президенти кол койгон “Инсандын руханий адеп-ахлактык кайра жаралуусу жана дене тарбиясы” жөнүндөгү Жарлыкты ишке ашыруу багытындагы ишенимдүү кадам болуп калды.

“ААЛАМДЫК АК БАТА” руханий форуму Кыргызстандын Суусамыр жайлоосунда 2021-жылдын 21-июнь күнү, саат 13.00 дө Бата берүү жөрөлгөсү менен башталды. Эртеси 22-июнда Бишкек шаарында форумдун алкагында “Коомдук трансформациянын шартындагы адамдын руханий-адеп ахлактык кайра жаралуусунун жолдору” аттуу илимий-практикалык конференция уюштурулуп, руханий багыттагы ТЫНЧТЫК жана БИРИМДИК МАНИФЕСТИ жана РЕЗОЛЮЦИЯ кабыл алынды.

Ааламдык ак бата руханий форуму өз ишмердүүлүгүн төмөнкү идеялык платформанын негизинде жүргүздү:

Дүйнө түзүм-бир бүтүн!

Адамзат-керемет жаралган зат!

Руханият-баарын бириктирет!

Тазалануу-Биригүү-Өнүгүү!

Тынчтык жана ынтымак-ийгиликтин ачкычы!

Илим, билим, маданият-келечекке шам чырак!

Адам бол!

Үч күнгө созулган руханий форум 23-июнь күнү Бүткүл дүйнөлүк “Көчмөндөр оюну” өткөн Ысык-Көл облусундагы “Кырчын” жайлоосунда жыйынтыкталды. “Ааламдык ак бата” аталышындагы руханий жөрөлгөгө КРнын жети облус, Бишкек, Ош аарларынан, кыргыз элинин кырк уруусунан, Кыргызстан элдеринин Ассамблейясынан, диний конфессиялардан жана дүйнөнүн он бир өлкөсүнөн өкүлдөр жана Кыргызстандын биринчи президенти Аскар Акаевич онлайн режиминде конференцияга катышты.

P.S Биз адамдар керемет жаралган зат катары өзүбүздү өзүбүз таанайлы! Кепке келип, маданияттардын жана цивилизациялардын баарлашуусуна баралы! Калктардын өз ара кызматташтыгынын планетардык ынтымагын калыптандырып, чоюндай бекем биримдигин уюталы! Кеңге кең, тарга тар дүнүйө! Ааламдай кенен бололу! Адамдык улуу парасатты сактап, оюбузду оңдоп, “Руханияттын жолу бир!” деген ураандын астында улутуна, ишенимине, жашаган өлкөбүзгө карабай биригелик! Ааламдык коркунучтардын алдында бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаралы! Дүйнөлөшүү бизди тагдырлаш кылды. Биз бардыгыбыз бир кемеде баратабыз. Азыркы оттой жанган, суудай аккан учурда илим, билим, руханияттын жолун карманалы!

Биз бүгүн боорукер, мээримдүү Жаратканга бир тилекте кайрылып, пейил-ниетибизди агартып, жан дүйнөбүздү нурга чайып, туура жол сурап турабыз Бизге азыркы абалдан чыгууга сабыр, күч-кубат, эрк, даанышмандыкты берсин Жараткан. Көчүбүз түздөлүп, оңго бурулуш жасайлы! Ааламдык ак батабыз кабыл болсун!

**«ААЛАМДЫК АК БАТА»**
**БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК РУХАНИЙ ФОРУМУ**

**21, 22, 23- июнь, 2021-жыл**
**Суусамыр өрөөнү – Бишкек шаары – Ысык-Көл облусу**

**21- июнь 2021**

**Суусамырда берилген "Ааламдык Ак Бата"**

"Жамгыр менен жер көгөрөт,
Бата менен эл көгөрөт."
Оо жараткан, баардык мактоо өзүңө таандык.

Адамзаттын, жан-жаныбардын, Жер-Эне табияттын, көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн дүйнөнүн эгеси өзүңсүң. Бүт Ааламды көрүп да, сезип да, билип да турасың. Сенден башка улуу зат жок. Адамзатты керемет зат катары жаратып, Бүт Ааламга ээлик кылдырган өзүңсүң.

Уккула, жер жүзү, адамзаты,
Аалам уксун, жер уксун,
Арбай уксун, пир уксун,
Адамзаттын теги уксун.
Ак мөңгүлүү, аскалуу Ала- Тоо,
Суусамыр киндик кан тамган жеринен,
Кыдыр жылоологон,
Кут уюган, кыргыз элинен,
Баардык адамзатка, жер табиятка жараткандан тиленип, Ак Бата беребиз.
Оо Жараткан! Ак Батаны көктөн көкүрөккө куюп,
Оозго оозантып, дилге салып, зээнге бышырып,
Тилге күрмөп, күү болуп айлантып,
Санат сөз болуп куралып,
Аккан суудай агылып,
Адамзатты аруулап,
Жамгырдай нөшөрлөп,
Жер бетин көрктөнтүп,
Күндөй чачырап, нур болуп, адамзаттын жан дүйнөсүн аруулап кел.

Адамзатты, тынчтыкта, токчулукта, ынтымакта, мээримдүүлүктө, сабырдуулукта жашоосуна жол ачып бер.

Оо Жараткан, баардык жаныбарлардын, жер-суу табияттын ээси болосуң деп жар салып, акыл-эс берип, мээримдүү, боорукер, кечиримдүү, айкөл болгула.

Эгер мага жакындасаңар, анда жаратмандык күч берем дегенсиң.

Ошол алгачкы айтылгандай, адамдар жан дүйнөсүн агартып, кең пейил болууга, динине, улутуна бөлүнбөй, бири-бирине кол беришип, алака-байланыш түзүшүп, ынтымакка келүүгө, достошууга насип кыл.

Оо Жараткан, азыркы каптап келе жаткан жугуштуу ооруга даба кылып, шыпааңды бер. Ооруңду ооматка айландыр. Айттырбай келген зилзаладан, кырсыктардан сактап, оң жагына буруп жибер.

Оо Жараткан Улуу Күч! Жалгыз гана бир өзүңдөн тиленип, адамзатың кайрылат.
Пендезаттын көкүрөгүн аруулап, дүйнө жүзүн нурлуу кылгын, сулуу кылгын жаңылап!
Кепке келишелик, табышалык, биригелик адамзат.
Бир Жаратканга ишенип, жолубуз ак, кызматыбыз так болсун!

Оо Жараткан, Улуу Күч! Адамзатына кой үстүндө торгой жумурткалагандай, бай-кедейи белгисиз, кунан тайы мингисиз, бакубаттуу, мээримдүү замандын-алтын дооруңдун эшигин ачып бер.
Оо Адамзат, кыргыздын улуу тоолорунан сага берилген ушул Ак Бата, сенин бийик акыл эсиңди ар дайым коштоп жүрсүн. Тирөөчүң болсун. Кырсык сени тоорубасын, тукумуң соолубасын. Жүрөгүңө улуу сүйүү уяласын.
Жараткандын нуру жаап, болочокто жер үстүндө адилет, Алтын Доор орносун.
Жаратканда́н  суранган, ушул тилек-батабыз кабыл болсун!
Оомийин.

**“ААЛАМДЫК АК БАТА”**
**БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК РУХАНИЙ ФОРУМУНУН**
**МАНИФЕСТИ**

Биз, Форумдун катышуучулары, жалпы Дүйнө жүзүндө руханий прогресстин болушун каалоо менен, өз колубузга демилгени алып, төмөнкү кадамдарды жасоону парзыбыз деп эсептейбиз:

Биринчиден, Ч.Айтматов түзгөн Ысык-Көл форумунун уландысы катары, Жер планетасындагы Адамзатты, жалпы цивилизацияны тооруп турган алааматтан сактап калуунун руханий жолу катарында Ааламдык Ак Бата жөрөлгөсүн кубаттоого чакырабыз!

Биздин ынаным боюнча, агрессивдүү ой жүгүртүүдөн гуманисттик жолго өтүү үчүн эң оболу руханий ойгонуу талап кылынат жана ой менен жүрүм-турумдун бийик стандарттарына умтулуу абзел. Ошондо гана коом жогорку деңгээлде өнүгө алат.

Экинчиден, биз көрүп тургандай, чоң державалардын ортосундагы карама-каршылыктар саясий жана аскердик багытта чыңалуунун бийик деңгээлине өсүп, кандуу согуштардын, экономикалык санкциялардын, идеологиялык жана маалыматтык кызыл чеке кагылышуулардын себепкери болушууда.

Жер үстүндө мурда болуп көрбөгөн ылаңдар, табышмактуу оору-сыркоолор, тез өнөкөткө айланып бара жаткан табигый кырсыктар, кылымдар бою тынчтыкта жашап келишкен калктардын ортосунда карама-каршылыктар – баарыбыздын тынчыбызды алууда.

Ошого карабастан, үмүтүбүз чоң: Адамзатты каптаган алааматтардын таралышына карабастан, дүйнө элдери менен катар, Кыргызстандын көп улуттуу эли руханий адеп-алхактык жакшы жышаандарга ниетин коюп, келечекке үмүт менен карайт. Ал эми алгылыктуу жакшы өзгөрүүлөр баарыбыздын пейилибизге жараша болорун унутпашыбыз керек.

Ушундай кырдаалда биз, ыйык мекенибиз, ак мөңгүлүү Ала-Тоону мекендеген Айкөл Манас бабанын тукумдары, бүткүл дүйнө элдерин тынчтыкка жана руханий биримдикке чакырабыз!

Элибизде “пейлиң таза болсо, жолуң ачылат”, “ырыс алды ынтымак” деген даанышмандык уюган. Башкача айтканда, өнүгүү үчүн көкүрөктү ачып, пейилди кенен салып, асыл ой багып, аруу максаттарды алдыга коюу менен дүйнөнүн руханий жана интеллектуалдары менен биригип, Жер үстүндө бейпилдик орнотуга болоруна ишенебиз!

Үчүнчүдөн, эгер бүгүнкү муундар өз озуйпасын таанып, бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, чогуу аракеттенсе, анда изги максаттар аткарылып, адамдарды, элдерди бөлүп-жарууччу күчтөр алсырамак. Арийне, мындай ак ниеттүү аракеттерден майнап чыкпай калса, анда баарыбыздын келечегибиз бүдөмүк!

Баарына маалым болгондой илимий-техникалык өнүгүү, диний окуулар жана саясий институттар коомдун деградациясын токтото алган жок.

Ошондуктан, биздин бир гана айкын жолубуз бар: бул – руханий ойгонуу! Биз, “Руханият-баарын бириктирет!”-деген дилнааманы негиз тутуп, кепке келүү кереге кеңешин ийгиликтүү өткөрдүк. Жалпы адамзат шайкештикте жана биримдикте жашашы үчүн Жаратканга чогуу сыйынып, тилек кылып, Манасий Айкөлдүк менен Ааламдык Ак Бата жалгап турушу зарылдык.

Ак Бата – жакшылыктын, руханий гармониянын жана тынчтыктын багыттамасы. Бата бул - адам менен Жараткандын ортосундагы байланышты камсыздаган, позитивдүү ойлордун тизмегинен турган касиеттүү руханий жөрөлгө! Бата бул – жөнөкөй эле сөз эмес, жаркын тилектердин нур чайган жаркыраган жарыгы! Кыргыз элинин керемет салты, улуттук философиясы! Ак-Батанын кубат-күчү ушунда: ал караңгыда Алтын Казык жылдызындай жол көрсөтүп туруучу касиетке ээ. Ушул күч баарыбыздын башыбызды бир омоктуу ойго бириктире алат!

Бул биздин аруу тилегибизди, БИРИГҮҮГӨ болгон чакырыгыбызды абройлуу эл аралык уюмдар – БУУ, ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ, ТҮРКСОЙ, Каббала академиясы, "Лотос Боттхисаттваларынын Жыйыны", ошондой эле илимий, диний жана руханий коомчулуктун лидерлери колдойт деп ишенебиз.

Жаратман жана түзүүчүл инсандар катары, интегралдык усулдагы биригүү аракетибиз кастыкты, согуш жана тынчтык, илим жана дин маселелериндеги өз ара түшүнбөстүктү жоёт деп ишенебиз!

Ушул руханий өрнөк – Жарыкчылыкка, Түбөлүк Тынчтыкка, Биримдикке, Өнүгүүгө жол ачуу менен, кой үстүндө торгой жумурткалаган мыкты, адилет КООМДУ курууга өбөлгө болот деген ынанымды билдиребиз!

**“Коомдук трансформациянын шартындагы адамдын руханий-адеп ахлактык кайра жаралуусунун жолдору” аттуу илимий-практикалык конференциянын**

## РЕЗОЛЮЦИЯСЫ

**Конференциянын демилгечилери, катышуучулары жана өнөктөштөрү:**

- «Ааламдык Ак Бата» Бүткүл Дүйнөлүк руханий Форуму, «Кыргыз Ак Бата ынтымак ордосу», «Кыргыз Жолу» коомдук уюму, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университети, КРнын Китеп палатасы, «Кыргыз Эл биримдиги» коомдук уюму, «Манас Эл» кыймылы, «Элдик курултай» кыймылы, «Энелер Жолу» коомдук бирикмеси,“Кыял” бирикмеси, «Ниппондзин Мёходзи» аттуу Буддалык орден, коомдук “Тынчтык Фонду” Кыргызстан элдеринин Ассамблеясы, «Жети Дубан Ынтымагы» кайрымдуулук фонду, «Единение» бирикмеси, «Родник здоровья» коомдук бооркердик фонду - «Ден-соолук булагы», Орто Азиялык Жерди изилдөө институту, «Табигатка Шайкештик» Кризистерге каршы Элдик Кеңеши, «Кыргыз Эл Касиети Академиясы» коомдук уюму, «Бүргө-Баатыр» коомдук бооркердик фонду, «DordoiNomad» Этно-борбору, “Акылмандык сукбаттары” маданий-агартуу долбоору, "Эл аралык" Манас "аэропорту" ачык акционердик коому, «Вестник Кыргызстана» Эларалык илимий-практикалык журналы, «Дасмия» Этно-борбору Туристтик фирма «AppiTravel», «Nomads Fashion» Дүйнөлүк фестивалы, «Оң Канат» коомдук фонду, “Элдик демилгелер борбору”, окумуштуулар, коомдук ишмерлер, бизнестин жана саясий институттардын, диний конфессиялардын жана руханий жөрөлгөчүлөрдүн өкүлдөрү, тарыхчылар, психологдор, филологдор, укук таануучулар, маданий жана билим берүү ишмерлери, медиктер;

Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсандын руханий адеп-ахлактык – өнүгүүсү жана дене тарбиясы” жөнүндөгү Жарлыгын эске алуу менен, өлкөнүн жарандарын бийик моралдык нормаларды, ата-бабалардын улуу салттарын, мыкты жүрүм-турум баалуулуктарын өздөштүрүү аркылуу тарбиялоо менен, аларды жалпы Адамзаттын баалуулуктарына сүңгүп, Кыргызстанды жана дүйнө элдерин маданий-руханий байлыктарга сугаруу үчүн, Чынгыз Айтматов атындагы Ысык-Көл форумунун эгидасы менен,

Ушул **Резолюцияны** кабыл алдык.

Конференция пленардык отурумдар жана секциялык иштер форматында өткөрүлдү.

Конференциянын иш максаттарына ылайык, катышуучулар жана илимий чөйрөлөрдүн өкүлдөрү белгилегендей, Адамзат руханий-ахлактык өнүгүүнүн жолуна бурулуш жасап, учурдагы коомдун өзгөрүү шартында адам эволюциялык жаңы сапатка ээ болушу белгиленди.

Конференцияда төмөндөгү маселелер кызуу талкууланды:

- адамдын, инсанаттын жана анын алган билиминин руханий жана адеп-ахлак маанисине көңүл бөлүнсүн;
- коомдун мындан аркы өнүгүүсүндө руханияттын өнүгүү усулдары аныкталсын;
- рухий маданияттын, физикалык дүйнөнүн руханий бир нукта эволюциялык өнүгүүсүнүн интенсивдештирилиши талдансын;

- заманбап коомдун калыптануу факторлору, элдик демилгелер жана инновациялык технологиялар изилденсин.

Ошону менен бирге, конференциянын катышуучулары адамдын өнүгүшү руханий адеп-ахлактык жана маданий мазмуну болмоюнча таптакыр жараксыз болуп калаарын эскертишет. Руханиятта адамзат прогрессинин булагы жана чыгармачылык жүзү ачылат. Өнүгүү жана жаңылануу маселелерин чечүүдө илим жана руханий баалуулуктар аныктооч болуусу керек. Тарыхий процесстерди жаңыча көз менен кароо руханий адеп-ахлак баалуулуктарынын артыкчылыгын терең түшүнүүгө шарт түзүү менен, маданий бirimдик, коомдогу тынчтык жана эл ынтымагын аныктайт.

Конференция белгилегендей, бул багытта иш алып баруу заманбап ой жүгүртүүнү, системалуулукту, комплекстүүлүктү, шериктештикти жана токтолбостон улануучу чогуу аракеттерди талап кылат.

**Конференция төмөндөгүдөй тыянакты жарыялайт**:

1. “Ааламдык Ак Бата” Эл аралык Руханий Форумунун Манифестин кабыл алуу.
2. Кыргыз Республикасында “Манастөр” Эл аралык илим, билим жана руханият борборун түзүү демилгесин колдоого алуу.
3. “Борбор Азия – Жакынкы Чыгыш” Тынчтык Маршын уюштуруп, ишке ашыруу.
4. Борбор Азияда “Тынчтык Коргонун (Бабалар Дөбөсүн)” тургузуу.
5. Эл аралык Форумду үч жылда бир өткөрүп туруу менен, заманбап коомдун трансформациялануу шартындагы руханий жана адеп-ахлактык кайра жаралуу темасындагы илимий практикалык конференцияны жыл сайын өткөрүп туруу.
6. Жердик маданияттын таштүп баалуулуктарын өздөштүрүү, бекем адеп-ахлактык негиздерин өздөштүрүү – илим жана илимпоздордун, ошондой эле туура багыттагы диний, руханий уюмдардын тыгыз катышуусу менен ишмердүүлүктү жандуу улантуу.
7. Билим берүү тармагында тарбия-таалимдин руханий адеп-ахлактык негизде болушу – жаш инсанаттын туура багытта кадам таштоосун негизги шарт катары кароо.
8. Бардык эл аралык уюмдардын жана билим берүү мекемелеринин, ММКлардын көңүлүн руханиятсыздык көйгөйүнө буруу менен, ал адам эволюциясына терс таасир этүүчү себепкер экенине ынандыруу.
9. Материалдык жана руханият, адам жана коом, экономика жана экология шайкештиги – тангыс биримдиктин, тең салмактуулуктун негизи экендигин аныктаган концепцияны иштеп чыгуу.

**Илимий-практикалык конференциянын катышуучулары коомчулукка жана бардык өлкөлөрдүн саясий лидерлерине кайрылуу менен, алар Жер планетасындагы улам күчөп чыгып жаткан көйгөйлөрдү чогуу аныктап, аларды четтетүүнүн туура жолдорун чогуу табышат деген ишеним-үмүттү билдиришет.**

**ВСЕМИРНЫЙ ДУХОВНЫЙ ФОРУМ**
**«ААЛАМДЫК АК БАТА» - «БЛАГОСЛОВЕНИЕ ВСЕЛЕННОЙ»**

**21, 22,23 июля 2021**
**Суусамырская долина – Бишкек – Иссык-Куль**
**Светлое Благословение Вселенной**
**в Суусамырской долине, 21.06.21**

О Небо! О Земля!
Дождь орошает лик Земли, а Благословение облагораживает человека.
О Создатель всех миров! Да будут все восхваления и славословие принадлежать только Тебе!

Нет ничего величественнее Тебя, ибо Ты породил изумительное создание как Человек, и сделал его хозяином всего мира.
Слушай весь Мир, да слышит все Человечество.
Да внемлют духи предков, хранители всего живого!
Да услышит белогорье Ала-Тоо, плодородная земля, переданная нам от предков!
Мы посылаем сие Воззвание из Суусамыра, родины святых, где бродят духи Хызыра святого!
Это – глас всех кыргызов, молитвой освященных Великим Словом!
Мы склоняем головы перед Всевышним и благословляем людей и природу!
Выражаем волю всего народа Словом, текущим как чистая река, льющимся как ливень с Небес!
Сие Слово облагораживает и озеленяет лик земной, освящая все живое!
Это Слово да освещает дух людской, будто луч Солнца! Да откроет Всевышний Создатель путь к жизни в вечном мире, в добром согласии, терпению и любви.
О Всемогущий Создатель всех миров!
Да будут люди разумны, сознательны и ответственны, великодушны, ибо ответственность за все лежит на плечах людей.
Создатель безусловно держит Свой обет давать силу и могущество всем, кто следует Его заветам. Божественное Первослово просветляет души людей, делает их благородными, великодушными, призывая жить в дружбе и согласии, не делясь по религиозным, языковым и национальным признакам. Все народы на Земле равны.
О Создатель! Дай снадобья людям от напасти новой чумы! Преврати чумное бедствие в благополучие, отврати от людей всякие природные бедствия, и дай силы построить нам уютную и полную изобилия жизнь для всех без исключения!
О Всевышний Бог! Очисти народы от скверны, сделай Мир светлым, и освети святостью и красотой духовный мир людей! Открой людям тот занавес Золотой Эпохи, где – вечное умиротворение и всеобщее равенство! Только к Тебе обращаем свой лик и уповаем Твоему покровительству!
Давайте найдем общий язык о люди! Давайте объединимся для того, чтобы служить верой и правдой своему Создателю всей душой! Да воцарится неугасимая Любовь в сердцах людей!
Да будет Воля от Всевышнего, свет которого освещает всем одинаково! Да воцарится Золотой Век на Земле!
Да будет это Благословение принято Богом как наше общее упование! Аминь.

**МАНИФЕСТ**
**ВСЕМИРНОГО ДУХОВНОГО ФОРУМА**
**«БЛАГОСЛОВЕНИЕ ВСЕЛЕННОЙ»**

Мы, участники МДФ, преисполнены решимости взять в свои руки инициативу по содействию духовному прогрессу человечества во всем мире, как продолжение известного Иссык-Кульского Форума Ч.Т.Айтматова.

Для достижения этой цели мы считаем первым шагом распространить Благословение – Ак-Бата, чтобы избавить нашу планету Земля от неизбежной катастрофы, непосредственно угрожающей существованию и продолжению человеческого рода, человеческой цивилизации и планетарной экосистемы.

Мы осознаем, что именно духовное пробуждение является фактором изменения образа жизни людей от агрессивного способа взаимодействия к гуманистическому образу мышления, чтобы вывести общество к высоко-духовной манере поведения.

Мы видим, как все сильнее нарастает политическая напряженность между мировыми державами, усиливаются кровавые войны, экономические санкции, идеологические и информационные атаки, все чаще на Земле появляются новые, до сих пор неизвестные болезни, с невиданной скоростью нарастают стихийные бедствия, возникает напряженность между народами, веками жившими по соседству.

Но несмотря на все происходящее, сегодня все человечество, в том числе народ Кыргызстана, находятся в ожидании духовно- нравственных перемен. И мы верим, что позитивные изменения зависят от всех нас. В этой ситуации, древний народ - кыргызы, потомки Манаса Великодушного, проживающие в самом сердце священного поднебесного Ала-Тоо, - призывают народы мира к духовному объединению.

Есть поверье, что «все зависит от чистоты намерений» т.е нравственных качеств человека. Иными словами, человек обретет истинный путь развития только тогда, когда он откроет свое сердце, очистит свою душу, совершенствует мысли, проявляет добрые намерения и объединится с такими же людьми.

Вот ключ к надежде: если нынешнему поколению удастся реализовать такое сущностное единство и сплоченно действовать, освобождая весь мир от обманчивой разобщенности, ничто более не сможет разделить и отдалить нас друг от друга. Если же мы в этом потерпим неудачу, у нас нет будущего.

Наше единственное будущее – это Духовное пробуждение. Под лозунгом «Духовность объединяет всех!» - мы провели упомянутый форум. И мы верим, что действием, способным внести гармонию и единение, может стать Манасово Великодушие, которое является ключевым принципом Ак Бата - Священного Благословения.

В настоящее время мы наблюдаем, что современная наука, новые технологии, и существующие религии не в силах остановить процесс деградации общества.

Мы задаемся вопросами: «Есть ли выход из сложившейся ситуации? Можем ли мы что-то сделать для ее улучшения?»

Мы призываем все народы мира, кто готов принять участие в совместной Молитве и Благословении нашей родной матери Земли и всей Вселенной, что Ак-Бата - это мощная энергия, которая исправляет сломанное, укрепляет порванное, является опорой, путеводителем к свету, силой, направленной на объединение.

Благословение - Бата направляет каждого на путь добра, гармонии и мира, как Полярная Звезда!

Мы выражаем надежду, что авторитетные международные организации ООН, ЮНЕСКО, ЮНИСЕФ, ТЮРКСОЙ, Академия “Каббалы”, Собрание “Ботхисаттв Лотоса”, а также лидеры религиозных сообществ поддержат наш призыв к объединению.

Наше интегральное единение станет стезей к преодолению вражды и непонимания в принципиальных вопросах как война и мир, наука и религия.

Мы – созидатели и со-творцы Нового Мира, верим, что этой акцией можем заложить начало пути к Свету, Миру, Гармонии, Единству и Совершенному Обществу!

**РЕЗОЛЮЦИЯ**

**научно-практической конференции**
**«Пути духовно-нравственного возрождения человека в условиях трансформации общества»**
**22 июля 2021**

**Инициаторы, участники, партнеры конференции:**

- Всемирный духовный форум «Ааламдык Ак Бата», Общественное объединение «Кыргыз Жолу», Кыргызский Государственный Университет им. И. Арабаева, «Кыргыз эл биримдиги», Движение «Манас Эл», Движение «Элдик курултай», Буддийский орден «Ниппондзан Мёходзи», Общественный фонд «Фонд мира», Международное объединение «Кыргыз Ак Бата ынтымак ордосу», Ассамблея народов Кыргызстана, Благотворительный фонд «Жети Дубандын Ынтымагы», Проект «Единение», Общественный благотворительный фонд «Родник здоровья» - «Ден-соолук булагы», Центрально-азиатский институт исследований Земли (ЦАИИЗ), Общественное объединение - Народный антикризисный совет «Экосоциальная гармония» - «Табигатка шайкештик», Общественное объединение «Кыргыз Эл Касиети Академиясы», Общественный благотворительный фонд «Бүргө-Баатыр», Этно-центр «Dordoi Nomad», Общественное объединение «Энелер Жолу», Культурно-образовательный проект «Беседы о мудрости», Открытое Акционерное Общество «Международный Аэропорт «Манас», Международный научно-практический журнал «Вестник Кыргызстана», Проект «Народная инициатива», Этно-центр «Дасмия», Туристическая фирма «Appi Travel», Всемирный фестиваль «Nomads Fashion», Общественный фонд «Кош Канат», Фонд социальной адаптации"Асыл".

- ученые, общественные деятели, представители бизнеса и политических институтов, религиозных конфессий и духовных традиций, специалисты в области экологии, истории, психологии, филологии, права, культуры, образования, международных отношений, медицины.

Принимая во внимание Указ Президента Кыргызской Республики «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности» - воспитание граждан через усвоение ими высоких моральных норм, традиций, традиционных семейных и общественных ценностей, здорового образа жизни, приобщение к системе общих человеческих ценностей, отражающих богатство, своеобразие и единство культур народов Кыргызстана, и общечеловеческих ценностей кардинальных изменений миропорядка под эгидой Международного Иссык-Кульского форума имени Чингиза Айтматова - принимают эту **резолюцию**.

Конференция проходила в формате пленарного заседания и секций.

В соответствии с целью конференции – участники и исследователи теоретико-методологических и практических проблем современного мировоззрения отметили, что в мире идет тенденция к духовно-нравственному возрождению человека в условиях трансформации современного общества.

В конференции были рассмотрены и обсуждены следующие актуальные вопросы:

- исследования проблем духовности и нравственности человека, личности и его знания;

- определения механизмов развития духовности в новейшем трансформирующемся обществе;

- анализ условий, способствующих интенсификации развития духовной культуры, духовные параллели физической эволюции мира;

- факторы формирования современного общества, народные инициативы и инновационные технологии.

Участники конференции пришли к выводу, что развитие человека, лишенное своего духовно-нравственного, человеческого и культурного содержания, становится бессмысленным. В духовности заложен источник нашего прогресса и творческого развития. Любые вопросы, связанные с развитием и модернизацией, должны в своей основе определяться двумя аспектами – наукой и духовными ценностями.

Переосмысление исторического процесса позволит более глубоко понять приоритет духовно-нравственных ценностей, культурного единства, построение мира гражданского согласия. Конференция отмечает, что работа в данном направлении нуждается в новых подходах, осмыслении ценностей, системности, комплексности, партнерстве, сетевом взаимодействии.

**Участники конференции решили**:

1. Принять Манифест Международного Духовного Форума «Благословение Вселенной».
2. Поддержать инициативу создания Международного Центра науки, образования и духовных учений «Манас-Тор» в Кыргызской Республике.
3. Отметить необходимость организации и проведения Марша Мира «Центральная Азия – Ближний Восток».
4. Воздвигнуть Курган Мира в Центральной Азии.
5. Предложить проведение Международного форума один раз в три года, ежегодную научно-практическую конференцию о духовном и нравственном возрождении в условиях трансформации современного общества.
6. Подчеркнуть, что освоение базисных ценностей Земной культуры, формирование устойчивых нравственных ориентиров и духовного развития при тесном сотрудничестве с наукой, научными и общественными деятелями и организациями, представителями религиозных организаций.
7. Обеспечить соответствие воспитания в системе образования духовно-нравственным ценностям, формируя новые образовательные учебные стандарты, создавая условия для самореализации личности.
8. Привлечь внимание всех международных организаций и образовательных учреждений, общественности, СМИ к проблеме бездуховности на современном этапе эволюции человечества.
9. Разработать концепцию гармонии материального и духовного, человека и природы, экономики и экологии в эволюции человеческой расы.

**Участники научно-практической конференции выражают надежду, что общественность и политические лидеры стран, будут своевременно реагировать на возникшие проблемы на нашей планете, находить адекватные пути их разрешения!**

**World Spiritual Forum**

**"BLESSING OF THE UNIVERSE"**

**June, 21-23**

**Kyrgyzstan-2021**

**Heavenly Lightly Blessing in Suusamyr**
**June 21, 2021**

Oh Heaven! Oh Earth!
Rain irrigates the face of the Earth, and the Blessing ennobles a person.
Oh God, the Creator of all Worlds! May all praise, and praise is yours alone!
There is nothing greater than Thee, because Thee gave birth to an amazing creature as a Man, and made him the holder of the whole World.
Hear the whole World, let hear all Humanity!
Let to listen to the spirits of ancestors, keepers of all living things!
May the White Mountains Ala-Too see and hear, the fertile land passed down to us from our ancestors!
We send this Appeal from Suusamyr, the homeland of the saints, where the spirits of Saint Khizyr roam!
This is the voice of all Kyrgyz people, consecrated by the Great Word by prayer!
We bow our heads to the Almighty and ask Him to bless all Peoples and Nature!
We express the will of all the people with the original Word, flowing like a clear river, pouring like a downpour from Heaven!
This Word ennobles and greens the face of the earth, sanctifying all living things!
Let this Word illuminate the human spirit, like a ray of the Sun! May the Almighty Creator open the way to life in eternal peace, in good harmony, patience and love.
O Almighty Creator of all Worlds!
May People be reasonable, conscientious and responsible, generous, being responsible for everything lies on the shoulders of people.
The Creator unconditionally keeps His vow to give strength and power to all who follow His commandments. The Divine First Word enlightens the souls of people, makes them noble, magnanimous, calling to live in friendship and harmony, not sharing on religious, language and national grounds. All peoples on Earth are equal.
O Creator! Give medicine tools to people against the scourge of a new plague! Turn a plague disaster into prosperity, avert all natural disasters from people, and give us strength to build us a comfortable and abundant life for everyone, without exception!
O Almighty God! Cleanse the nations from filth, make the world light, and illuminate the spiritual world of people with holiness and beauty! Open to people that curtain of the Golden Epoch, where - eternal peace and universal equality! Only to Thee we turn our face and hope for Your patronage!
Let's find a common language between peoples! Let's unite in order to serve faithfully our Creator with all our soul! May unquenchable Love reign in the hearts of people!
Let there be Will from the Almighty, whose light illuminates everyone equally!
May the Golden Age reign on Earth!
May this Blessing be accepted by God as our common hope!
Amen.

**MANIFESTO**
**World Spiritual Forum**
**"BLESSING OF THE UNIVERSE"**

We, the participants of the MDF, are determined to take the initiative to promote spiritual progress throughout the world.

To achieve this goal, we consider the first step to listen to this Blessing – Ak Bata, in order to save our planet Earth from an inevitable catastrophe that directly threatens the existence and being of the human race, its civilization and the planetary ecosystem.

We are aware that it is spiritual awakening as a factor in changing people's way of thinking from an aggressive way of interacting to a humanistic way in order to raise society to a higher spiritual character of behavior.

We see how the political tension between the world powers is growing more and more, bloody wars, economic sanctions, ideological and information attacks are intensifying, new, hitherto unknown diseases are appearing more and more often on the Earth, natural disasters are increasing at an unprecedented rate, tension arises between peoples who have lived next door for centuries.

But despite everything that is happening, today all of humanity, including the people of Kyrgyzstan, are waiting for spiritual and moral progress. We believe that positive changes depend on all of us.

In this situation, the ancient folk - the Kyrgyz, descendants of Manas the Magnanimous, who live in the the sacred celestial Ala-Too - invites the peoples of the world to spiritual unification.

There is a belief that "everything depends on the purity of intentions", i.e. the moral qualities of a person. In other words, a person will find the true path of development only when he opens his heart, cleanses his soul, improves his thoughts, shows good intentions and unites with the same people.

Here is the key to hope: if the current generation manages to realize such an essential unity and act together, freeing the whole world from deceptive disunity, nothing will be able to divide and distance us from each other anymore. If we fail in this, we have no future.

Our only future is Spiritual awakening.

Currently, we observe that modern science, new technologies, and existing religions are unable to stop the process of degradation of society.

We ask ourselves the questions: "Is there a way out of this situation? Is there anything we can do to improve it?"

And we believe that the sacred and miraculous power of Ak Bata, i.e. the Manase’s Magnanimous (Aykolism) - the key principle of the Sacred Blessing, can become an action that can bring harmony and unity.

Bata- Blessing is a spiritual ritual of positive expressions that provides a sacred connection between God and Humanity! These are not just words, but divine light from good wishes. This is a wonderful tradition of the Kyrgyz people and a reflection of the national worldview!

We call on all the peoples of the world who are ready to take part in the joint Prayer and Blessing of our native mother Earth and the entire Universe that Ak-Bata is a powerful energy that corrects the broken, strengthens the torn, is a support, a guide to the lightness, enforce our aime at unification.

Blessing - Bata directs everyone to the path of goodness, harmony and peace, like a Polar Star!

We express our hope that the authoritative international organizations as the UN, UNESCO, UNICEF, TURKSOY, the Kabbalah Academy, the Bothisattva Lotus Assembly, as well as the leaders of religious communities will support our call for unification.

Our integral unity will be the way to overcoming hostility and misunderstanding in fundamental issues such as war and peace, science and religion.

We are the creators and co-creators of the New World, we believe that with this action we can lay the beginning of the path to Light, Peace, Harmony, Unity and a Perfect Society!

**RESOLUTION**

**of the Scientific & Practical Conference**
**«Ways of spiritual and moral revival of a person**
**in the context of society transformation»**

**Ethno-Center Dasmiya, Bishkek city**
**22th of June, 2021**

**Initiators, participants, partners of the conference:**

- World Spiritual Forum «Aalamdyk Ак Bata», Public Union «Kyrgyz Way», Kyrgyz State University after name of I. Arabaev, «Kyrgyz National Unity», Manas-El Public movement, national Congress “Qurultay”, Buddah Order Nipponjin Myohoji, Public Fuondation “Foundation of the Peace”, International Association “Kyrgyz Center of Harmony”, Assembly of Peoples of Kyrgyzstan, Charitable Foundation “Harmonic Unity of Seven regions of Kyrgyzstan”, Public Union «Unity of Consent», Social-Charitable Foundation “Spring of the Wealth”, Central Asian Institute for Studying of the Earth, Public Association “National anti-crisis Council “Eco-Social Harmony” Public Assossiation “Kyrgyz National Features Academy”, Public Charitable Foundation “Burge Baatyr”, Ethno-Center Dordoi Nomad”, Public Union “Mothers’ Way - «Энелер Жолу», Cultural-Education Project “Dialogs on Wisdom”, Open Incorporated Company “International Airport Manas”, International scientific & practical magazine “Vestnik Kyrgyzstana (Kyrgyzstan Messenger)”, Ethno-Center Dasmiya”, Touristic Firm «AppiTravel», World Festival «Nomads Fashion», Public Foundation “Ong Kanat”;
- scientists, public figures, representatives of business and political institutions, religious confessions and traditional spiritual rituals, specialists in the field of ecology, history, psychology, philology, law, culture, education, international relations, medicine.

Taking into account the Decree of the President of the Kyrgyz Republic "On spiritual and moral development and physical education of the individual" - education of citizens through their assimilation of high moral standards, traditional family and social values, a healthy lifestyle, introduction to the system of common human values reflecting wealth, the originality and unity of the cultures of the peoples of Kyrgyzstan, and the universal values of cardinal changes in the world order under the auspices of the International Issyk-Kul Forum named after Chingiz Aitmatov - this resolution is adopted.

The conference was held in the format of a plenary session and sections.

In accordance with the purpose of the conference, the participants and researchers of theoretical, methodological and practical problems of the modern worldview noted that there is a tendency in the world towards the spiritual and moral revival of a person in the context of the transformation of modern society.

The conference reviewed and discussed the following topical issues:

- research into the problems of spirituality and morality of a person, personality and his knowledge;

- determination of the mechanisms for the development of spirituality in the newest transforming society;

- analysis of conditions conducive to the intensification of the development of spiritual culture, spiritual parallels of the physical evolution of the world;

-factors of the formation of modern society, popular initiatives and innovative technologies.

The conference participants came to the conclusion that the development of a person, deprived of his spiritual, moral, human and cultural content, becomes meaningless. Spirituality is the source of our progress and creative development. Any issues related to development and modernization should be basically determined by two aspects - science and spiritual values.

Rethinking the historical process will allow a deeper understanding of the priority of spiritual and moral values, cultural unity, building a world of civil accord. The conference notes that work in this direction needs new approaches, understanding of values, consistency, complexity, partnership, network interaction.

The conference concluded to:

1. Adopt the Manifesto of the International Spiritual Forum "Blessing of the Universe".
2. Support the initiative to create the International Center for Science, Education and Spiritual Redings "Manas-Tor" in the Kyrgyz Republic.
3. Propogate of the need on organize and conduct the Central Asia – Middle East Peace March.
4. Erect the Kurgan of Peace in Central Asia.
5. Propose holding the International Forum once every three years, an annual scientific and practical conference on spiritual and moral revival and the conditions for the transformation of modern society.
6. Emphasize that the development of the basic values of Earth culture, the formation of stable moral guidelines and spiritual development in close cooperation with scientific and public figures and organizations, representatives of religious doers.
7. Ensure the compliance of upbringing in the education system with spiritual and moral values, forming new educational enlighten standards, creating conditions for self-realization of each individual.
8. Draw the attention of all international organizations and educational institutions, the general public, the media to the problem of lack of spirituality at the present stage of human evolution.
9. Develop a concept of harmony between material and spiritual, human and nature, economy and ecology in the evolution of the mankind race.

The participants of the scientific-practical conference express the hope that the public and political leaders of the countries will promptly respond to the problems that have arisen on our planet, find adequate ways to resolve them!